**<u>Расмий тилден мамлекеттик тилге которулган</u>**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН**

Ольга Ивановна Василенконун кызыкчылыгын көздөгөн Калдыбай Ашимбекович Каунаштын Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2018-жылдын 23-апрелиндеги № 14 аныктамасына даттануусун кароо жөнүндө

# ТОКТОМУ

2018-жылдын 5-июлу Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы: төрагалык кылуучу - судья Э.Т. Мамыров, судьялар К. Абдиев, Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, М.Ш. Касымалиев, К.М. Киргизбаев, А.О. Нарынбекова, Э.Ж. Осконбаев, Ч.О. Осмонова, Ж.И. Саалаевдин курамында, сот отурумунун катчысы С.А. Джолгокпаеванын катышуусунда «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, О. И. Василенконун кызыкчылыгын көздөгөн К.А. Каунаштын Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык

палатасынын судьялар коллегиясынын 2018-жылдын 23-апрелиндеги № 14 аныктамасына даттануусун соттук отурумда карап чыкты.

Даттанууда баяндалган жүйөлөрдү, жана О.И. Василенконун кызыкчылыгын көздөгөн К.А. Каунаштын өтүнүчү боюнча материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**Т А П Т Ы:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2018-жылдын 15-мартында О.И. Василенконун кызыкчылыгын көздөгөн К.А. Каунаштын Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 375-беренесинин 2-бөлүгүн, 379-беренесинин 1, 4, 5-бөлүктөрүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 8-пунктуна жана 40-беренесинин 2-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Өтүнүчтөн келип чыккандай, И.А. Василенко 2011-жылдын 21-ноябрында өзүнүн кызы О.И. Василенко менен түзүлгөн тартуулоо келишиминин негизинде Ново-Покровка айылынын Лермонтов көчөсү, 17 дареги боюнча жайгашкан турак жай үйүн ага менчикке өткөрүп берген. И.А. Василенко өлгөндөн 6 жылдан кийин, арызданууучунун эркек бир тууганы П.И. Василенко жогоруда көрсөтүлгөн тартуулоо келишиминин аныктыгында шек санап, 2017-жылдын 2-февралында Ысык-Ата райондук сотуна 2011-жылдын 21-ноябрындагы тартуулоо келишимин жараксыз деп таануу жөнүндө доо арызын берген.

Бирок, Ысык-Ата райондук сотунун 2017-жылдын 5-апрелиндеги аныктамасы менен П.И. Василенконун доо арызы боюнча жарандык иштин өндүрүшү доонун эскирүү мөөнөтүн калыбына келтирүү жөнүндө доогердин өтүнүчүн канааттандырылуусуз калтырылышына байланыштуу токтотулган. Андан ары, 2017-жылдын 31-майында Чүй областтык сотунун соттук

коллегиясы тарабынан жогоруда көрсөтүлгөн Ысык-Ата райондук сотунун аныктамасы күчүндө калтырылган.

Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун соттук коллегиясынын 2017-жылдын 16-ноябрындагы токтому менен жогоруда көрсөтүлгөн сот актылары жокко чыгарылган, ал эми доогер П.И. Василенкого өткөрүп кеткен доонун эскирүү мөөнөтү калыбына келтирилген. Мында соттук коллегия П.И. Василенко тарабынан доонун эскирүү мөөнөтү өткөрүлгөн эмес, анткени ал аны менен талашылып жаткан келишим тууралуу 2017-жылдын 18-январында гана билип, 2017-жылдын 2-февралында сотко кайрылган деп тыянак чыгарган.

Кийин, талашылып жаткан тартуулоо келишиминин бар экендиги тууралуу доогердин мурда эле билгени арызданууччуга маалым болгон. Ошентип, Ысык-Ата жер жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо боюнча башкармалыгынын жазуу жүзүндөгү жообуна ылайык П.И. Василенко 2014-жылдын 23-майында эле кыймылсыз мүлккө болгон укуктардын мамлекеттик реестринен көчүрмөсүн алган, анда 2011-жылдын 21-ноябрындагы тартуулоо келишимине ылайык мурас болууучу мүлктүн менчик ээси И.А. Василенко саналат деп көрсөтүлгөн.

Арызданууччу, 2017-жылдын 16-ноябрында Жогорку соттун соттук коллегиясы тарабынан токтом кабыл алынып жаткан учурда болгон бул жагдай жаңыдан ачылган жайгдаларга кирет жана кабыл алынган сот чечиминин объективдүүлүгүнө мерчемдүү таасирин тийгизет деп эсептейт.

Ушуга байланыштуу, О.И. Василенко Жогорку соттун соттук коллегиясынын 2017-жылдын 16-ноябрындагы токтомун жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча кайра кароо жөнүндө арыз менен Ысык-Ата райондук сотуна кайрылган. Бирок сот, соттун чечимин өзгөрткөн же жаңы чечим кабыл алынган кассациялык инстанциядагы соттун сот актыларын жаңыдан ачылган жагдайлар же жаңы жагдайлар боюнча кайра кароо кассациялык инстанциядагы сот тарабынан жүргүзүлөт деп белгиленген Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 375-беренесинин 2-

бөлүгүнө шилтеме жасап, арызды кабыл алуудан жана ишти Жогорку соттун кароосуна өткөрүп берүүдөн баш тарткан.

Бул жагдайды эске алуу менен, О.И. Василенко, 2018-жылдын 23-январында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна тиешелүү арыз менен кайрылып, Жарандык процесстик кодексинин 375-берененесинин талаптарына ылайык Жогорку соттун соттук коллегиясынын 2017-жылдын 16-ноябрындагы токтому жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча кайра каралууга жатпайт, анткени иш боюнча талаш маңызынан чечиле элек деген жооп алган.

Арызданучунун пикири боюнча, Жогорку сот Жарандык процесстик кодексинин 379-беренесинин 1, 4, 5-бөлүктөрүнүн талаптарына ылайык өзүнүн токтомун жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча кайра карап чыгууга жана П.И. Василенко тарабынан өткөрүлгөн доонун эскирүү мөөнөтүнүн калыбына келтирилишинин мыйзамдуулугунун же мыйзамсыздыгынын фактысын акыры аныктап, арызды канааттандыруу же аны четтетүү жөнүндө аныктама чыгарууга милдеттүү. Демек, Жогорку сот тарабынан көрсөтүлгөн арыз каралып чыкмайын, Ысык-Ата райондук соту П.И. Василенконун тартуулоо келишимин жараксыз деп таануу жөнүндө доо арызын маңызы боюнча кароого укуктуу эмес.

Кайрылуу субъекти болжогондой, Жогорку сот жогоруда белгиленген Кодекстин талаптарын сактабастан жана ишти маңызы боюнча кароону талап кылып, О.И. Василенконун конституциялык укуктарын бузууда.

Баяндалганга негизденип, арызданучу Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин талашылып жаткан ченемдерин Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келет деп таанууну суранган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы О.И. Василенконун кызыкчылыгын көздөгөн К.А. Каунаштын өтүнүчүн карап чыгып, анын мазмуну «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө»

конституциялык Мыйзамдын талатаптарына жооп бербейт деген тыянакка келди.

Судьялар коллегиясынын аныктамасында, өтүнүчтүн мазмунунан талашылып жаткан ченемдер соттук коргоого жана өзүнүн укуктары менен эркиндиктерин мыйзамдарда тыюу салынбаган бардык ыкмалар менен коргоого болгон конституциялык укукка кантип таасирин тийгизип жана бузуп жатканын аныктоо мүмкүн эмес деп белгиленүүдө (Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 8-пункту жана 40-беренесинин 2-бөлүгү). Кайрылууда арызданууучу өзү шилтеме кылган конституциялык орнотмолор менен тутумдаш байланышта келтирилүүгө милдеттүү болгон укуктук негиздеме келтирилген эмес. Арызданууучу келтирген жүйөлөр сот органдары тарабынан талашылып жаткан ченемдерди айрым укук колдонуучу учурларына тийиштүү жана алардын конституциялуу эместигин далилдеген укуктук аргументтер катары бааланышы мүмкүн эмес. Өз кезегинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамга ылайык укук колдонуу тажрыйбасына байланыштуу маселелерди чечүү Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын ыйгарым укуктарына кирбейт.

Ошентип, судьялар коллегиясы арызданууучу тарабынан талашылып жаткан ченемдердин Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келүүсү тууралуу маселеде күмөндүүлүктү тапкан жок, ал эми «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 24-беренесинин экинчи абзацына ылайык бул ишти конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында кароо үчүн милдеттүү шарт болуп саналат.

Судьялар коллегиясы баяндалганга негизденип жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 1, 4-пункттарын, 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, 2018-жылдын 23-апрелиндеги №

14 аныктамасы менен О.И Василенконун кызыкчылыгындагы К.А. Каунаштын өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алуудан баш тарткан.

Жогоруда көрсөтүлгөн аныктама менен макул болбостон, О.И. Василенконун кызыкчылыгында К.А. Каунаш 2018-жылдын 26-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына даттануу менен кайрылган.

Арызданууч у өзүнүн даттануусунда биринчи кайрылуусунда баяндалган жүйөлөрдү кайталап келтирүүдө, үч инстанциянын соттору тарабынан материалдык жана процесстик укуктун ченемдеринин кодонулушуна байланыштуу жагдайларды кайталап баяндоодо, ошондой эле жарандык талаш-тартыштын маңызына тике тиешеси бар иштин нагыз жагдайларын келтирүүдө. Ушундан улам, К.А. Каунаш Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коеллегиясынын 2018-жылдын 23-апрелиндеги № 14 аныктамасын жокко чыгарууну жана талашалып жаткан ченемдерди конституциялуу эмес деп таанууну, ошондой эле О.И. Василенконун жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча сот актысын кайра кароо жөнүндө арызы боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жарандык иштер боюнча судьялар коллегиясын чечим кабыл алууга милдеттендирүүнү суранууда.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы арыздануучунун жүйөлөрүн жана судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун негиздерин талкуулап, кийинкидей тыянактарга келүүдө.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы К.А. Каунаш өзүнүн даттануусунда судьялар коллегиясынын тыянактары менен шартталган жана аны менен даттанылып жаткан аныктаманы жокко чыгарууга багытталган аргументтерди келтирген эмес деп белгилейт.

Конституциялык контролдоонун укуктук маңызы болуп, ченемдик укуктук актылардын же алардын айрым бир бөлүгүнүн конституциялуулугунда күмөндүүлүктү даана туудурган укуктук мүнөздөгү

ынандыраарлык жүйөлөр болгондо, аларды Кыргыз Республикасынын Конституциясынынын талаптарына ылайык келүүсүн текшерүү саналат.

Ушуга байланыштуу, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамда Конституциялык палатага болгон кайрылууну тариздөө жана арыздануучунун өзү койгон маселеси боюнча көз карашын негиздөөгө карата бир катар талаптар каралган (20, 24, 25 жана 28-беренелер).

Жогоруда көрсөтүлгөн конституциялык Мыйзамдын 25-беренесинин 3-бөлүгүнүн 9-пунктуна ылайык арыздануучу өз кайрылуусунда коюлган маселе боюнча көз карашын жана Кыргыз Республикасынын Конституциянын ченемдерине шилтеме келтирүү менен укуктук негиздемесин көрсөтүүгө милдеттүү. Бул талап арыздануучунун жүйөлөрү фактологиялык эмес, укуктук мүнөздө болушу керек, конституциялык орнотмолор менен тутумдаш байланышта болуп, аны менен талашылып жаткан укук ченеминин жөнгө салуу таасиринин конституциялуулугунда даана күмөндүүлүктү туудурушу керек дегенди билдирет.

Ал эми К.А. Каунаштын баштапкы кайрылуусу жана даттануусунун мазмуну укук колдонуу тажрыйбадагы көйгөйлөр жөнүндө жана арыздануучу тарабынан талашылып жаткан Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин ченемдеринин конституциялуулугунда күмөндүүлүктү туудурган укуктук аргументтердин жоктугу тууралуу гана кабар берет.

Демек, судьялар коллегиясынын О.И. Василенконун кызыкчылыгында К.А. Каунаштын кайрылуусун «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1, 4-пункттарынын негизинде өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө 2018-жылдын 23-апрелиндеги № 14 аныктамасы негиздүү болуп саналат.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык

Мыйзамдын 28-беренесинин 5-бөлүгүн, 46, 47, 48-беренелерин, 51-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Ольга Ивановна Василенконун кызыкчылыгын көздөгөн Калдыбай Ашимбекович Каунаштын Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын «Ольга Ивановна Василенконун кызыкчылыгын көздөгөн Калдыбай Ашимбекович Каунаштын Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 375-беренесинин 2-бөлүгүнүн, 379-беренесинин 1, 4, 5-бөлүктөрүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» 2018-жылдын 23-апрелиндеги № 14 аныктамасына даттануусу канааттандырылсыз калтырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын ушул токтому акыркы, даттанууга жатпайт жана кол коюлгандан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**